# Сабактын план-конспекти

Сабактын аты: **Математика**

Класс: 6-А класс

Сабактын темасы: Болчоктордун тен кучтуулугу

Сабактын тиби: Жаңы теманы түшүндүрүү

Сабактын түрү: Стандарттык

Колдонулуучу методдор жана ыкмалар: Интерактивдүү, көрсөтмөлүүлүк, аңгемелешүү, жекече иштөө.

Колдонулуучу каражаттар: Слайд, окуу китеби, дидактикалык материалдар, карточкалар.

Предмет аралык байланыш: Геометрия.

Негизги компетенттүүлүктөр:

1. Маалыматтык (НК 1)
2. Социалдык-коммуникациялык (НК 2)
3. Өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү (НК 3)

Предметтик компетенттүүлүктөр:

1. Математикалык жаңы маалыматтарды таанып билүү, аны колдонуу жана элементи менен жаза билүү компетенттүүлүгү (ПК 1)
2. Математикалык түшүнүгүн тереңдетүү жана бышыктоо (ПК 2)
3. Математикалык көндүмдөрдү талдоо компетенттүүлүгү (ПК 3)
4. Жашоо тиричилик менен байланыштыруу компетенттүүлүгү (ПК 4)

| № | Сабактын максаттары: | Көрсөткүчтөрү: |
| --- | --- | --- |
| 1 | Билим берүүчүлүк: Кандай болчоктор тен кучтуу болоорун билишет. Болчокторду барабарлай алышат. Болчокторду кадимки болчок турундо, ондук болчок турундо жаза алышат, сурот менен сызып корсото алышат. | Кандай болчоктор тен кучтуу болоорун билишсе. Болчокторду барабарлай алышса. Болчокторду кадимки болчок турундо, ондук болчок турундо жаза алышса, сурот менен сызып корсото алышса. |
| 2 | Өнүктүрүүчүлүк: Өз алдынча ой жүгүртүп иштей алышат. Ойлонуу иш-аракеттерин өнүктүрүү үчүн шарттар түзүлөт: дифференцирлешет, жыйынтыкташат, эмоционалдык жана образдык эске тутууларын өнүктүрүшөт. Өтүлгөндөр боюнча толук маалымат беришет. | Логикалык ой жүгүртө алышса. Ойлонуу иш-аракеттерин өнүктүрүү үчүн шарттар түзүлсө: дифференцирлешсе, жыйынтыкташса, эмоционалдык жана образдык эске тутууларын өнүктүрүшсө. Өтүлгөндөр боюнча толук маалымат беришсе. |
| 3 | Тарбия берүүчүлүк: Активдүүлүккө, ыкчамдуулукка, окуу процессинде ынтызарлуулукка кызыгууга тарбияланышат. Туура жана так иштөөгө көнүгүшөт. Биринин сөзүн бири угуп, өзгөлөрдү сыйлашат. | Активдүүлүккө, ыкчамдуулукка, окуу процессинде ынтызарлуулукка кызыгууга тарбияланышса. Туура жана так иштөөгө көнүгүшсө. Биринин сөзүн бири угуп, өзгөлөрдү сыйлашса. |

Сабактын жүрүшү :

| № | Сабактын этаптары (Убактысы) | Мугалимдин ишмердиги | Окуучунун ишмердиги | Компетент-түүлүктөр | | Баалоо Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Негизги (НК) | Предметтик (ПК) | |
| 1 | Уюштуруу:<br>1.1. Саламдашуу (2 мүнөт) | Саламатсыңарбы балдар! Мугалим класс менен саламдашат. Окуучулардын маанайын, сабакка даярдыгын сурайт. | Саламатсызбы!<br>Мугалиди кунт коюп угушат. Суроолорго жооп беришет. | НК 2 | ПК 2 | |
| | 1.2. Шыктандыруу (3 мүнөт) | Жагымдуу маанай тартууланат. Математика сабагына байланыштуу кызыктуу табышмактар айтылат. | Окуучулар жагымдуу маанай менен сабакка киришишет. Табышмактардын жандырмагын табышат. | НК 1 | ПК 4 | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2 | Кайталоо (үй тапшырма) (2 мүнөт) | Үйгө берилген тапшырманын жоопторун окуучулардан сурап, экрандагы туура жооптор аркылуу текшерем. | Экрандагы туура жоопко салыштырып, тапшырмасын текшеришет. | НК 3 | ПК 2 | Калыптандыруучу баалоо.<br>„Интервью” |
| 3 | Жаңы теманы түшүндүрүү.<br>(10-мүнөт) | Слайддан тема чыгат, түшүндүрмө берем. Жаңы теманы окуучуларга төмөнкүчө түшүндүрүп берем.<br>1 дин бир же бир нече барабар бөлүктөрүн (үлүштөрүн) туюндурган сан бөлчөк деп аталат.<br>Бөлчөк — (же a/b) символу менен жазылат, мында a жана b бүтүн сандар. Бөлчөктүн бөлүмү b канча барабар бөлүккө бөлүнгөнүн, ал эми алымы a ошол бөлүктөрдөн канчоо алынганын көрсөтөт.<br>Кадимки бөлчөктүн алымын жана бөлүмүн нөлдөн айырмалуу бир эле санга көбөйтсө же бөлсө, анда бөлчөктүн мааниси өзгөрбөйт. | Кадимки бөлчөктүн алымын жана бөлүмүн нөлдөн айырмалуу бир эле санга көбөйтсө же бөлсө, анда бөлчөктүн мааниси өзгөрбөйт экенин билишет жана аны мисалдарды аткарууда колдонушат. Мугалимдин суроолоруна жооп беришет. Дептерге так, туура, сулуу, элементи менен жазышат. | НК 1 | ПК 1 | Калыптандыруучу баалоо. |
| 4 | Практикалык иш<br>(10 мүнөт) | Мисал иштөө.<br>Оозеки иштөө. | Дептерге жазышат.<br>Оозеки жооп беригет. | НК 2 | ПК 2 | Калыптандыруучу баалоо.<br>“Кайтарым байланыш” |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 | Бышыктоо<br>(8 мүнөт) | №268 мисалды аткарышат.<br>“Тез эсепте” көнүгүүсү.<br>“Ким тапкыч” көнүгүүсү. | №268 мисалды дептерге аткарып, жазышат.<br>Оозеки иштөө. | НК 3 | ПК 3 | Жекече баалоо.<br>“Кайтарым байланыш” |
| 6 | Үйгө тапшырма берүү<br>(1 мүнөт) | Окуу китебиндеги №269 мисалды чыгарып келүү.<br>Чыгармачыл тапшырма. “Болчокторду барабарла” көнүгүүсү. Тапшырманы аткарып, тыйын чычканды боёп келишет. | | | | |
| 7 | Окуучулардын билимин баалоо<br>(2 мүнөт) | Окуучулардын ишмердүүлүгүн, активдүүлүгүн, чеберчилигин баалайт. Мугалим сабакка активдуу катышкан окуучуларга, суроолорго жооп берген окуучуларга денгээлине жараша баалайт. | Сабакка активдүү катышкан окуучулар бааланат. | | | Жекече баалоо |